## 2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын калкынын кедейчилик деңгээли

Кыргыз Республикасындагы калктын бакубат жашоо деңгээлин баалоолордун натыйжалары Улутстатком тарабынан квартал сайын 5 016 үй чарбасын камтуу менен үй чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчтөрдү тандалма интеграциялык изилдөөнүн негизинде жүргүзүлдү. Керектөөчү чыгымдар боюнча эсептелген, 2021-жылда кедейчиликтин деңгээли жалпы өлкө боюнча 33,3 пайызды түзгөндүгүн, бул өткөн жылга карата 8,0 пайыздык пунктка көбөйгөндүгүн сурамжылоонун натыйжалары көрсөтүп турат.

Кедейчиликтин деңгээлин баалоо үчүн чектик маани катары, үй чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчтөрдү тандалма интеграциялык изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде кайрадан аныкталган кедейчиликтин чеги колдонулган. Кедейчиликтин чегин кайрадан аныктоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-мартындагы № 115 "Кедейчиликтин чегин аныктоо методикасын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык жүргүзүлгөн жана он пайыздык чектен ашкан ифляциянын деңгээли менен негизделген. Керектөө бааларынын индекси (КБИ) 2021-жылы 111,9 пайызды түздү, ушул эле учурда, азык-түлүк товарларына жана алкоголсуз суусундуктарга болгон КБИ 117,8 пайыз деңгээлинде калыптанды, азык-түлүк эмес товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө – 106,2 пайыз. 2021-жылы кедейчиликтин жалпы чегинин нарктык көлөмү бир жылдын ичинде калктын киши башына 45 797 сомду, эң төмөнкүсү – 30 536 сомду түздү.

Айыл жерлеринде кедейчиликтин деңгээли 4,0 пайыздык пунктка, ал эми шаар жерлеринде – 15,0 пайыздык пунктка өскөн.

2021-жылы кедейчиликтин чегинде 2 млн. 244 миң адам жашаган, алардын 62,7 пайызы калк отурукташкан айыл пункттарынын тургундары болуп саналган. Муну менен бирге 0-17 жаш курагындагы балдардын 40,5 пайызы же 1 млн. 72 миң бала кедейчилик шартында жашаган.

**1-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин деңгээли**
*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*



2021-жылы кедейчиликтин деңгээлинин өсүшү мурунку жылга салыштырганда баардык региондордо белгиленген, анын ичинде Бишкек шаарында – 19,0 пайыздык пунктка, Ош шаарында – 13,9, Талас обулусунда – 11,0, Ысык-Көл облусунда - 10,2, Жалал-Абад жана Баткен облустарында – 6,0, Ош облусунда – 5,0, Нарын облусунда – 2,4 жана Чүй облусунда – 1,6 пайыздык пунктка өскөн.

**1-таблица: Аймактар боюнча кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*

| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **25,6** | **22,4** | **20,1** | **25,3** | **33,3** |
| Баткен облусу | 40,5 | 33,8 | 32,6 | 34,7 | 40,7 |
| Жалал-Абад облусу | 32,6 | 32,2 | 26,9 | 37,2 | 43,2 |
| Ысык-Көл облусу | 24,2 | 21,5 | 24,4 | 27,9 | 38,1 |
| Нарын облусу | 29,2 | 30,6 | 28,1 | 36,8 | 39,2 |
| Ош облусу | 14,3 | 14,8 | 14,0 | 18,8 | 23,8 |
| Талас облусу | 20,7 | 22,1 | 13,3 | 12,5 | 23,5 |
| Чүй облусу | 33,3 | 15,6 | 19,1 | 25,4 | 27,0 |
| Бишкек ш. | 15,9 | 15,4 | 11,9 | 16,8 | 35,8 |
| Ош ш. | 33,5 | 35,5 | 20,7 | 14,7 | 28,6 |

2021-жылы өтө кедейчилик деңгээли 6,0 пайызды түздү жана мурунку жылга салыштырганда 5,1 пайыздык пунктка өскөн. 407,1 миң адам өтө кедейчиликтин чегинде жашаган, алардын 54,9 пайызы калк отурукташкан айыл пункттарынын тургундары болуп саналган.

Өтө катуу кедейчиликтин өсүшү Талас облусунун шаар жерлеринен башка, республиканын бардык региондорунда байкалат. Өтө катуу кедейчилик Бишкек шаарында 9,2 пайыздык пунктка, Баткен облусунда – 8,5, Ысык-Көл облусунда – 7,6, Жалал-Абад облусунда – 6,0, Нарын облусунда – 3,7, Ош шаарында – 3,1, Чүй облусунда – 2,7 пайыздык пунктка, Талас облусунда 2,6 жана Ош облусунда – 2,1 пайыздык пунктка өскөн.

**2-таблица: Аймактар боюнча кедейчиликтин эң төмөн деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*

| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **0,8** | **0,6** | **0,5** | **0,9** | **6,0** |
| Баткен облусу | 3,4 | 0,9 | 0,3 | 1,6 | 10,1 |
| Жалал-Абад облусу | 0,0 | 1,0 | 0,6 | 1,5 | 7,5 |
| Ысык-Көл облусу | 1,0 | 0,9 | 1,3 | 0,4 | 8,0 |
| Нарын облусу | 2,0 | 2,2 | 2,5 | 4,5 | 8,2 |
| Ош облусу | 0,0 | 0,0 | 0,9 | 0,0 | 2,1 |
| Талас облусу | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 2,6 |
| Чүй облусу | 1,7 | 0,3 | 0,2 | 1,3 | 4,0 |
| Бишкек ш. | 0,0 | 0,3 | 0,0 | 0,3 | 9,5 |
| Ош ш. | 1,2 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 3,1 |

2021-жылы шаар жерлеринде өтө кедейчиликтин деңгээли мурунку жылга салыштырганда 7,0 пайыздык пунктка, айыл жерлеринде – 4,1 пайыздык пунктка өстү.

**2-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин эң төмөн деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*




2021-жылы кедейчиликтин чегине салыштырмалуу кедейлердин бюджетинин жетишсиздигин мүнөздөгөн кедейчиликтин тереңдиги 6,6 пайызды түзүп, мурунку жылга салыштырмалуу 2,3 пайыздык пунктка көбөйдү, кедейчиликтин курчтугу 1,9 пайызды түзүп, мурунку жылга салыштырганда 0,8 пайыздык пунктка жогору болду.

2021-жылы кедейчиликтин чегинен төмөн жашаган калктын каражаттарынын жетишсиздигинин көлөмү 17 811,2 млн. сомду түздү, бул 2020-жылга караганда 7 592,0 млн. сомго көп.

Кедейчиликтин деңгээлин эсептөө үчүн калктын кирешелеринен түздөн-түз көз каранды болгон керектөө наркы колдонулат. 2021-жылдагы калктын адам башына эсептегендеги колдо болгон акчалай кирешелер айына 6 647,7 сом деңгээлинде түзүлүп, мурунку жылга салыштырганда 18,2 пайызга өскөн, бул абсолюттук мааниде 1 022,4 сомду, ал эми алардын реалдуу өсүшү 105,3 пайызды түздү. Калктын колунда бар киши башына бөлүнгөн орточо акчалай кирешелери эмгек акыдан түшкөн кирешелердин 15,3 пайызга, жеке эмгек ишмердиги – 14,1 пайызга, жеке көмөкчү чарбада өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн кирешелердин 41,5 пайызга жана социалдык трансферттердин 5,3 пайызга өсүүсү менен шартталды.

Калктын акчалай кирешелеринин негизги булагы эмгек ишмердигинен болду, алардын колдо болгон кирешелеринин түзүмүндөгү салмагы 66,3 пайызды, социалдык трансферттер – 14,9 пайызды, ошондой эле жеке көмөкчү чарбада өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн кирешелер 14,3 пайызы түздү.

Киши башына бөлүнгөн колдогу орточо кирешелердин түзүмүндөгү эмгек акынын үлүшү 40,0 пайызды, жеке эмгек ишмердиги – 14,0 пайызды түздү.

Кирешелердин 12,6 пайыздан көбү Кыргыз Республикасынын тышында жүргүзүлгөн калктын эмгек ишмердиктерине туура келерин белгилей кетүү керек. Үй чарбалардын жалпы кирешелеринде өлкөнүн тышында жүргүзүлгөн эмгек ишмердиктеринен түшкөн кирешелердин үлүшү Баткен облусунда 29,2

пайызды, Жалал-Абад облусунда – 21,5 пайызды, Ош облусунда – 19,0 пайызды, Чүй облусунда – 7,7 пайызды жана Талас облусунда – 6,9 пайызды түздү.

**3-таблица: Аймактар боюнча калктын колунда болгон акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(пайыз менен)*

| | Эмгек ишмердиги | | Социалдык трансферт-тер | Жеке көмөкчү чарбадан түшкөн киреше | Башка киреше |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | анын ичинде Кыргыз Республикасынан тышкаркы | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **66,3** | **12,6** | **14,9** | **14,3** | **4,6** |
| Баткен облусу | 68,7 | 29,2 | 15,7 | 12,7 | 2,9 |
| Жалал-Абад облусу | 67,0 | 21,5 | 11,0 | 16,9 | 5,1 |
| Ысык-Көл облусу | 45,9 | 5,7 | 16,2 | 30,4 | 7,5 |
| Нарын облусу | 39,0 | 0,2 | 26,7 | 30,7 | 3,6 |
| Ош облусу | 67,2 | 19,0 | 14,8 | 14,7 | 3,3 |
| Талас облусу | 43,1 | 6,9 | 14,3 | 41,1 | 1,5 |
| Чүй облусу | 67,6 | 7,7 | 15,8 | 12,0 | 4,6 |
| Бишкек ш. | 80,8 | 0,2 | 14,7 | 0,0 | 4,5 |
| Ош ш. | 73,8 | 4,4 | 15,6 | 0,2 | 10,5 |

Түштүк региондордун калкынын материалдык бакубатчылыгында тышкы фактордун таасири ачык көрүнүп турат. Керектөө наркынан эмгек мигранттарынын кирешелерин алып салганда, республика боюнча кедейчиликтин деңгээли орточо алганда 33,3 пайыздан 42,8 пайызга чейин өсө тургандыгын эсептөөлөр көрсөтүп турат. Муну менен бирге, кедейчилик Баткен облусунда 40,7 пайыздан 60,9 пайызга, Ош облусунда – 23,8 пайыздан 40,5 пайызга, Жалал-Абад облусунда – 43,2 пайыздан 56,0 пайызга чейин, Чүй облусунда – 27,0 пайыздан 34,0 пайызга, Талас облусунда – 23,5 пайыздан 30,3 пайызга чейин жогорулайт, ушул эле учурда ал калган региондордо бир аз эле өзгөрөт.

**4-таблица: Кыргыз Республикасынан тышкары эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелерди эсепке албагандагы кедейчиликтин деңгээли**
*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **34,0** | **32,2** | **31,2** | **34,6** | **42,8** |
| Баткен облусу | 60,2 | 54,6 | 53,7 | 53,6 | 60,9 |
| Жалал-Абад облусу | 43,0 | 44,9 | 42,4 | 50,2 | 56,0 |
| Ыссык-Көл облусу | 25,3 | 24,4 | 26,8 | 29,1 | 43,1 |
| Нарын облусу | 29,2 | 30,6 | 28,5 | 36,8 | 39,2 |
| Ош облусу [1] | 32,5 | 36,1 | 37,7 | 37,6 | 40,5 |
| Талас облусу | 21,6 | 24,0 | 16,5 | 17,8 | 30,3 |
| Чүй облусу | 36,7 | 19,5 | 24,9 | 29,4 | 34,0 |
| Бишкек ш. | 15,9 | 15,6 | 11,9 | 16,9 | 36,2 |
| Ош ш. | 41,5 | 42,1 | 26,9 | 24,2 | 32,5 |

Кедейчиликтин эң төмөн деңгээлине эмгек мигранттардын кирешелери олуттуу таасирин тийгизет, аларды чыгарып салганда кедейчиликтин эң төмөн деңгээли 6,0 пайыздан 17,1 пайызга чейин өсөт.

Мурдагыдай эле, керектөө наркы кедейчиликтин чегинен көп айырмаланбаган калктын жыштыгы жогору бойдон калууда. Кедейчиликтин чегинин сезгичтигин талдоо 2021-жылы бакубатчылык индикаторунун чоңдугу өзгөрүүсүз түзүлгөндө, кедейчиликтин чегинин 5,0 пайызга же 190 сомго өскөн учурда, кедейлердин үлүшү 5,6 пайыздык пунктка өсүп жатканы, ал эми кедейчиликтин чегинин 5,0 пайызга төмөндөшү менен кедейлердин үлүшү 4,3 пайыздык пунктка азайып жатканын көрсөтөт. Кедейчиликтин чегинин айланасындагы калктын жыш концентрациясы калктын олуттуу бөлүгү кедейлер эмес категориясынан кедейлер категориясына жана, тескерисинче, кедейлер категориясынан кедейлер эмес категориясына өтүү мүмкүндүгүн жогорулатат, бул кедейчиликтин деңгээлинин региондор боюнча көрсөткүчтөрүндө чагылдырылат жана кедейчиликтин өзгөрүү тенденциясын жарым-жартылай түшүндүрөт.

2021 – жылы кедейчиликте жашаган 33,3 пайыз калк менен бирге 10 пайызга жакын калк кедейчилик коркунучунда турат.